История

УДК:392.311(575.2)
DOI: 10.52754/16947452_2022_2_103

# ТЕКТЕШ ТҮРК ЖАНА БАШКА ЭЛДЕРДИН КУРАМЫНДАГЫ КЫРГЫЗ ЭТНОКОМПОНЕНТТЕРИ

*Осмонова Самара Курбаналиевна, т.и.к., доцент,*
*osk_8182@mail.ru*
*Бурканбек кызы Самара, магистр*
*sburkanbekkyzy@mail.ru*
*Ош мамлекеттик университети*
*Ош, Кыргызстан*

***Аннотация:*** *Бул макалада белгилүү булактардын негизинде  тектеш түрк жана башка элдердин курамындагы кыргыз этнокомпоненттери изилденди. Ошондой эле кыргыз этнокомпонентинин таралуу алкагы, кыргыздардын  башка түрк-монгол тектүү элдердин калыптанышын, этногенезине, маданий өнүгүүлөрүнө тийгизген таасири, кыргыздардын миграциясы, таралуу ареалы, жана кыргыз элинин калыптанышында негизги орунду ээлеген этникалык топтор каралды. Бул иштин методологиялык негизи каралып жаткан маселе боюнча материалдардын салыштырма анализи жана тарых принциби түзүлдү. Изилдөөдө, структуралык, стационардык, функционалдык салыштырма жана тарыхый ыкмаларды комплекстүү колдонууга негизделген. Жыйынтыгында кыргыз этнокомпоненти  башкырлардын, крым татарлары, казак, каракалпак, өзбектердин  курамындарынан да арбын кездешери байкалган.*

***Ачкыч сөздөр****: кыргыз, тектеш, түрк, этникалык, этнокомпонент, эл, улут.*

# КЫРГЫЗСКИЕ ЭТНОКОМПОНЕНТЫ В СОСТАВЕ ТЮРКСКИХ И ДРУГИХ НАРОДОВ

*Осмонова Самара Курбаналиевна, к.и.н., доцент,*
*osk_8182@mail.ru*
*Бурканбек кызы Самара,  магистрант,*
*Ошский государственный университет*
*Ош, Кыргызстан*
*sburkanbekkyzy@mail.ru*

***Аннотация:*** *В данной статье на основе источников было исследовано кыргызские этнокомпоненты в составе тюркских и других народов. Рассмотрены также распространение кыргызского этнокомпонента, влияние кыргызов на формирование, этногенез и культурное развитие других тюрко-монгольских народов, миграция кыргызов, ареал расселения, этнические группы, играющие ключевую роль в формировании кыргызского народа. Методологическую основу данной работы составляет сравнительный анализ материалов по предмету и принципу истории. Исследование основано на комплексном применении структурного, стационарного, функционального*

*сравнительного и исторического методов. В результате кыргызский этнокомпонент встречаются у башкир, у крымских татаров, у казахов, каракалпаков и узбеков.*

***Ключевые слова**: кыргыз, родственные, тюрк, этническое, этнокомпонент, народ, нация.*

## KYRGYZ ETHNOCOMPONENTS IN THE COMPOSITION OF TURKISH AND OTHER PEOPLES

*Osmonova Samara Kurbanalievna,*
*candidate of historical sciences, associate professor,*
*osk_8182@mail.ru*
*Burkanbek kyzy Samara, master,*
*sburkanbekkyzy@mail.ru*
*Osh State University*
*Osh, Kyrgyzstan*

***Abstract:** In this article, on the basis of sources, the Kyrgyz ethnic components were investigated as part of the Turkic and other peoples. The distribution of the Kyrgyz ethnic component, the influence of the Kyrgyz on the formation, ethnogenesis and cultural development of other Turkic-Mongol peoples, the migration of the Kyrgyz, the area of settlement, ethnic groups that play a key role in the formation of the Kyrgyz people are also considered. The methodological basis of this work is a comparative analysis of materials on the subject and principle of history. The research is based on the complex application of structural, stationary, functional, comparative and historical methods. As a result, the Kyrgyz ethnic component is found among the Bashkirs, among the Crimean Tatars, among the Kazakhs, Karakalpaks and Uzbeks.*

***Key words:** Kyrgyz, kindred, Turkic, ethnic, ethnocomponent, people, nation.*

### Киришүү

Кыргыз этнокомпонентинин таралуу алкагы, түрк тилдүү элдердин калыптанышын, этногенезине, маданий өнүгүүлөрүнө тийгизген зор таасирин изилдөө, кыргыз элинин калыптанышында негизги орунду ээлеген этникалык топторду аныктоого жардам берери шексиз. Ошондуктан, бул маселе бүгүнкү кыргыз таануудагы актуалдуу маселелердин бири болуп, жаңы изилдөөлөрдү талап кылат.

### Изилдөөнүн ыкмалары

Бул иштин методологиялык негизин материалдарды салыштырма талдоо жана каралып жаткан проблема боюнча историзм принциби түзгөн. Изилдөөдө, структуралык, стационардык, функционалдык салыштырма жана тарыхый ыкмаларды комплекстүү колдонууга негизделген.

### Жыйынтыктар жана талкуулар

«Кыргыз» этноними тува, алтай, хакас, башкырлардын, крым татарларынын ж.б курамдарында кездешет. Ошол эле учурда «кыргыз» аты Саян-Алтай, Өзбекстан, Башкырстан, Крым жарым аралына чейинки

эбегейсиз зор аймактардагы жер-суу аталыштарында чагылдырган. Бул маалыматтар кыргыздардын этникалык тарыхы кенен аймактарды кучагына алуу менен бирге, көп кырдуу, узак процесс экендигин аныктары шексиз. Мындан сырткары, бул туруктуу фактылар аты аталып өткөн аймактардагы элдердин этногенезине жана маданиятына кыргыздардын катышуу деңгээлин чагылдырат [1. б.30].

Хакас, тува, башкырлардын курамындагы кыргыз урууларынын келип чыгышы байыркы жана орто кылымдардагы кыргыздар менен тыгыз байланышта болгонун тастыктайт. Буга тарыхый фактылар, фольклордук маалыматтары эн тамгалардагы этногенетикалык жалпылыктар далил боло алат [4. б.11]

Бүгүнкү башкырлардын курамындагы «кыргыз» этнокомпоненттери илимий кызыгууну жаратышы шексиз. Кыргыз-башкыр маданий-этникалык байланыштары С.М. Абрамзон, Р.Г. Кузеева, И.Б. Молдобаевдердин эмгектеринде иликтенген. Башкыртаануучу С.И. Руденконун белгилегенине караганда, кыргыздар монгол басып алууларына чейин эле башкырлардын негизги 12 уруусунун эң ирисинин этникалык аталышы катары белгилүү болгон. Башкырлардын курамындагы «кыргыз» этнонимдеш ири уруулардын аталыштары катары учурда Башкырстандын түндүк-батыш жана чыгыш аймактарында белгилүү.

Ал эми бүгүнкү Башкырстандын чыгышындагы кыргыздар XVI-XVII кылымдарда Эне-Сайдан журт которуп келген кыргыз этнокомпоненттери деп жазат [5. б.360.]. «Кыргыз» этноними бүгүнкү башкырладын курамында «танкей» жана «кадыкей» аттуу уруктарды бириктирген өз алдынча уруунун аталышы, табын, кудей, миң урууларынын ичиндеги эң ири уруктардын энчилүү аттары катары кездешет. Эң кызыктуусу табын этнониминин параллелдери хакастардын (хакастарда-«табхын») курамдарынан кездешет. Бул параллелдер кокусунан эмес. Санжыра боюнча башкырлардагы «кыргыз» уруктарына кирген кадыкей, танкейлер өздөрүнүн баштапкы мекени катары Сибир аймагын, теги жагынан Чынгызхандын түпкү бабаларынан Төнөк-бий жана Кыдык-бийди аташат. Бул кыргыздардын этногенезинде өзгөчө маанилүү орунду ээлеген Мөңгү-Суу (Минусин) чөлкөмү менен тыгыз байланышаары анык. Р.Г. Кузеев башкырлардын курамындагы кыргыз этнокомпоненттери Сыр-Дарыяга VIII- IX кылымдарда огуз уруулары менен бирге журт которушуп, соңку этникалык жүзү ушул аймакта калыптанганын баса белгилейт. Р.Г. Кузеев айрым санжыралык маалыматтарда башкыр кыргыздарынын түпкү бабасы катары Коркут-Ата айтыларын жазат[5. б109.].

Кыргыз-башкыр этникалык алакаларына кыргыздын белгилүү тарыхчысы И.Б. Молдобаев өз иликтөөлөрүндө кеңири токтолот. Ал «Манас» эпосундагы маалыматтарды иликтеп, эки элдин этникалык жакындыктарын айгинелеген 15 этнонимикалык аталыш бар экендигин, кыргыз-башкыр этникалык алакалары ногой этносу аркылуу да жүргөндүгүн жазат. Россиянын курамына кирер алдында башкырлар этникалык бирдиктүү этносту түзгөн эмес алардын ичинен болгар, керей, кыргыздар өзгөчө бөлүнүп турушкан. Мурдагы Уга уездинин Ика жана Деме дарыяларынын жогорку агымдарында кыргыздар өз алдынча уруу, 113 түтүн үй, 4 айылдан турган волость болгондугу тарыхый эмгектерде, топографиялык карталарда көрсөтүлгөн. 1898-жылы башкырлардын чек араларын тактоо комиссиясы кыргыздарды өз алдынча 4 уруудан турган волость катары каттаган. Демек, XIX кылымда кыргыздар өздөрүнүн компакттуу жашоосун уланта беришкен. Бул кыргыз этнокомпененттерине, кыргыз-башкыр этникалык байланыштарына С.М. Абрамзон да өз эмгектеринде кайрылган.

Кыргыз этноними казак-аргындардын курамында да кездешери Кузеев Р.Г жана Э.Ж. Маанаевдин монографиялык изилдөөлөрүндө көрсөтүлгөн [7. б.28.]. Санжырачылардын маалыматтарына караганда казактын улуу жүзүнүн курамында «кыргыз» аттуу уруктар арбын учурайт. Астрахандын ногойлордун ичинде «кыргыз-бурут» аттуу уруу бар экендиги калыптанган. Айрым изилдөөчүлөрдүн пикиринде «кыргыз-буруттар» 1758-жылы калмактардын акыркы толкуну менен келгендиги айтылат. 1782-жылы «увачан-буруттардын» жүргүзүлгөн каттоодо калмактардан бөлүнүп чыккан кыргыз-буруттардын саны 350, анын ичинде утар-алабугаттардын курамында 200, калгандары болсо ногой-карагаштардын курамдарына жуурулушкан. Акыркылар утарлардын ичиндеги эң сыйлуу, ак сөөк «кыргыз» уругун түзүшөт [7. б.26.].

«Кыргыз» этноними крым жарым аралында жашаган крым татарларынын курамында «бүйүк кыргыз» (улуу же чоң кыргыз), «кичиг кыргыз» формаларында сакталат. Профессор В.Я. Бутанаев тастыктап келет. XVII-XVIII кылымдарда Энесайлык кыргыздардын административдик аймактык бөлүмүндөгү Алтысар урuусу «Чоң кыргыз» деп аталганы маалым [2. б.34.]. Ушул эле этникалык аталыш бүгүнкү кыргыздырдын каңды жана мундуз урууларында «Чоң кыргыз» формаларында кездешет.

«Кыргыз» этнонимин алып жүргөн Заравшан өрөөнүндөгү өзбектердин «кыргыз» уруусу 1917-жылы жүргүзүлгөн айыл чарба каттоосунда Каттакурган уездинде 151 киши, Самарканд уездинде 22 кишини түзгөн Самарканд областында «кыргыз» деген атты алып жүргөн үч кыштак болуп, 1924-жылы Кермин жана Заравшан оазисинде 5600 киши,

Шахрисабз оазисинде 435 кишини түзгөн. Өзбектердин «кыргыз» уруусу XVI-XVII кылымдардагы 92 өзбек урууларынын тизмесинде, тизменин баш жагында эскерилет. Өзбек тарыхчысы Т.И. Султановдун маалыматына караганда, тизменин башындагы уруулар тектүү делинип, кээ бир артыкчылыктардан пайдаланышкан. Өзбектердин «кыргыз» уруусу оң канатка кирип, Б.Ахмедовдун изилдөөлөрү, анын кээ бир өкүлдөрү аштарханийлер, кийин маңгыттар династияларынын мезгилинде жогорку мансаб орундарын ээлегенин көрсөтөт [6. б.41.].

**Корутунду**

Жыйынтыктап айтканда кыргыз этнокомпоненти башкылардын, крым татарлары,казак, каракалпак, өзбектердин курамындарынан да арбын кездешери байкалган. Муну Азиянын эң байыркы элдеринен болгон кыргыздардын миграциясы жана ошол аймактардагы этникалык абалга тийгизген таасири катары кароого болот. Албетте, кыргыз этнониминин тарашы ар түрдүү тарыхый окуялар, этникалык-маданий чөйрөдө түзүлгөн кырдаалдар, себептер менен коштолуп, тарыхый узак доорду кучагына камтып турат. Ушул маселе бүгүнкү күнгө чейин окумуштуулардын арасында ар түрдүү кайчы пикирлерди жаратып, дискуссиялардын булагы болуп келүүдө.

**Адабияттар:**


1. Абрамзон С.М. Киргизы и их этногенетические и историко-культурные связи. Фрунзе: Кыргызстан, 1990. – 480 с.
2. Бутанаев В.Я. Этническая история хакасов XVII-XIX в.в М., 1990. 34с
3. Бутанаев В.Я. Этническая культура хакаского народа. Абакан, 1997. 340 с.
4. Каратаев О.К. Кыргыздардын этномаданий байланыштарынын тарыхынан. Бишкек, 2003. – 269б.
5. Кузеев Р.Г. Происхождение башкырского народа. М., 1974. 362с.
6. Кармышева Б.Х. Узбеки племени «кыргыз» в среднезеравшанской долине. –// Кыргыздардын теги. Бишкек, 1995, 41-бет.
7. Маанаев Э.Ж. Кыргызстандан сырткары жашаган кыргыздар тарыхынан. Фрунзе, 1969, 28- бет.
8. Молдобаев И.Б. Отражение этнических связей киргизов в эпосе «Манас» Фрунзе, 1985. 109 с.